*Токтомдун долбоору*

**И. Арабаев атындагы КМУнун 2024-жылынын 25-апрелинде Окумуштуулар кеңешинин “Жаңы маалыматтык технологиялар институтунун учурдагы абалы жана келечеги” аттуу баяндамасы жөнүндө**

**ТОКТОМУ**

Жаңы маалыматтык технологиялар институтунун директору У. Керимовдун “Жаңы маалыматтык технологиялар институтунун учурдагы абалы жана келечеги” деген темада берилген баяндамасын угуп, талкуулап И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университеттин Окумуштуулар кеңеши төмөнкүлөрдү белгилейт:

Жаңы маалыматтык технологиялар институтунун ишмердүүлүгү Билим берүү мыйзамына жана азыркы учурдагы рынок экономикасынын талаптарына ылайык жүргүзүлөт;

Институттун негизги максаты билим берүү программаларын ишке ашырууга негизделген, инсандын интеллектуалдык, маданий жана адеп-ахлактык өсүү талаптарын канааттандырууга, жаңы муундагы кесипкөй адистерди даярдоо. Бүгүнкү күндө жаңы маалыматтык технологиялар институтунун маалыматтык технологиялар билим берүү программасын мамлекеттик стандартын иштеп чыгуу, IT тармагындагы болочок кесип ээлерин - замандын талабына жооп берген, атаандаштыкка жөндөмдүү, ар тараптуу өнүккөн, компетенттүү адистерди даярдоонун үстүндө иш алып барууда. Ошону менен бирге магистранттар, PhD докоранттар, аспиранттар, докоранттар даярдалууда;

Институтта студенттердин жана магистранттардын сандык көрсөткүчүнүн динамикасы өсүүдө. Институтта профессордук-окутуучулар курамынын жалпы 47 (штат ички айкалыштыруу менен), сапаттык көрсөткүчү адистик боюнча 48%, жалпы 38% түзөт: КР УИАнын мүчө корр.- 1, илимдин доктору - 3; илимдин кандидаты - 8; Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнө эмгек сиңирген ишмер - 1;

Окуу процессинде салттуу окутуу методикасы менен бирге институттун профессордук-окутуучулар курамы заманбап маалыматтык технологияларды ар тараптуу натыйжалуу колдонуу аракетинде: мезгилдин талабы ылайык IT тармагы тездик менен өсүп жаткандыктан инновациялык жана интерактивдик сабактарды уюштуруунун усулдары боюнча атайын курстардан, семинарлардан, чет элдик тренингдерден өздөрүнүн педагогикалык квалификацияларын жогорулатууда. Окуу жайлары менен онлайн-офлайн конок лекция уюштуруу, мобилдүүлүк программасынын алкагында иш алып баруу ж.б.;

Тарбия иштеринин алкагында студенттердин арасында дайыма ар кандай кошумча спортттук, мекенчилдик сезимдерди ойготуучу иш-чараларга көңүл бурулуп келет;

Институтта бир катар олуттуу иштер (окуу, окуу-методикалык, тарбиялык, коомдук) аткарылып жана материалдык базаны чыңдоого маселелери чечилип, институттун өсүп-өнүгүүсүнө жакшы шарттар түзүүгө иш алып баратат;

IT багыттардын өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен өндүрүштүк практикалар республиканын 7 облусунда жана республиканын ар кандай өндүрүштүк мекемелеринде практикаларын өткөрүү жөнгө салынган;

Институттун студенттери эл аралык, республикалык, университеттер аралык жана университеттин коомдук, маданий-спорттук, көргөзмө-форум иштерине үзгүлтүксүз активдүү катышып, натыйжалуу жетишкендиктерге ээ болууда. Студенттер Эл аралык STUDEXPO2024 конкурсунда “Мыкты проект”, “Программалоо, мобилдик тиркеме” боюнча III даражадагы диплом, “Иллюстрация жана графикалык дизайн” боюнча II даражадагы диплому менен сыйланган жана Сочи шшарында “Бүткүл дүйнөлүк жаштар фестивалы-2024” өкүлү болуп катышты.

И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети менен И.Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин алкагында доктордук жана кандидаттык диссертацияларды коргоого төмөндөгү эки адистик боюнча мекемелер аралык диссертациялык кеңеш ачылып, ошондон бери ишин токтотпой үзгүлтүксүз иштеп келүүдө:

Д 05.23.689 диссертациялык кеңештин төрагасы т.и.д., проф. У.Н.Бримкулов (2018, 2023), Б.И.Бийбосунов (2020). Анда төмөнкү адистиктер боюнча диссертациялар корголот:

**05.13.06** – «Технологиялык процесстерди жана өндүрүштөрдү (тармактар боюнча) автоматташтыруу жана башкаруу» (техника илимдеринин доктору жана техника илимдеринин кандидаты илимий даражасын изденүү боюнча).

**05.13.16** - «Илимий изилдөөлөрдө (илимдердин тармактары боюнча) эсептөө техникаларын, математикалык моделдөөнү жана математикалык методдорду колдонуу» (техника илимдеринин доктору жана техника илимдеринин кандидаты жана физика-математика илимдеринин доктору (кандидаты) илимий даражасын изденүү боюнча).

**Баяндаманы угуп жана талкуулагандан кийин**
**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Жаңы маалыматтык технологиялар институтунун директору У. Керимовдун "Жаңы маалыматтык технологиялар институтунун учурдагы абалы жана келечеги" деген темада берилген отчету канааттандырарлык деп табылсын;
2. Институттун профессордук-окутуучулар курамынын сапаттык көрсөткүчүн көтөрүү жана илимий-изилдөө иштерин активдештирүүсү (эл аралык коммуникациялар жана инновациялар боюнча проректор А.К.Чалданбаевага, директор У.Т. Керимовго жүктөлсүн);
3. Институттагы окуу процессинде студенттердин билим сапатын өркүндөтүү боюнча окуу пландардагы предметтердин мазмунуна көңүл буруу жана окуу-методикалык иш чараларды уюштуруусу: спецификалык ишмердүүлүгүнө жараша окуу-методикалык куралдардын, колдонмолордун чыгарылышы кеңейтилсин (Окуу иштери боюнча проректору Талантбек Курманбек уулуна, директор У.Т. Керимовго, профессордук-окутуучулар курамына жүктөлсүн);
4. Жаштар саясатындагы инсанды тарбиялоо максатында ар кандай уюмдар менен иштөөнү күчөтүү, студенттердин ички мүмкүнчүлүгүн ойготуу, мамлекеттик тилде студенттердин арасында иш-чараларды өткөрүү жана ден соолугун чыңдоо максатында спортко тартуу үчүн иш чараларды уюштуруу, студенттерди предметтик эл аралык олимпиадаларга даярдоо максатында иш алып баруу, Президенттик стипендияга алдын ала даярдоо иштерин көрүү (Мамлекеттик тил, жаштар саясаты жана спорт боюнча проректору Жайна Садыкбек кызына, директор У.Т. Керимовго, профессордук-окутуучулар курамына жүктөлсүн);
5. Замандын агымына жараша талапка жооп берген заманбап жабдыктар менен камсыз кылынсын, университет тарабынан каржылоо маселеси жыл сайын каралсын. Ошону менен бирге (каржылоо үчүн чет элдик демөөрчүлөрдү (фонддорду) институтка тартып келүү иштери колго алынсын (административдик-чарба иштери боюнча проректор Б. Исаевге директор У.Т. Керимовго жүктөлсүн);
6. Окуу сапатын жогорулатуу максатында окуу китептерин сатып алуу, электрондук окуу-усулдук көрсөтмөлөрдү түзүү, IT-лабораториясынын структурасын кеңейтүү иштери күчөтүлсүн (административдик-чарба иштери боюнча проректор Б. Исаевге жүктөлсүн);
7. STEM боюнча профессордук-окутуучулар курамында чет тилдерин окуп үйрөнүү иштери жайылтылсын жана англис тилдүү тайпалар кошумча ачылсын (Окуу иштери боюнча проректор Талантбек Курманбек уулуна, директор У.Т.Керимовго жүктөлсүн);
8. Жакынкы жана алыскы чет мамлекеттердин жогорку окуу жайларында жана илимий мекемелерде академиялык мобилдүүлүк иштери күчөтүлсүн (Окуу иштери боюнча проректор Талантбек Курманбек уулуна, директор У.Т.Керимовго жүктөлсүн);
9. Токтомдогу каралган маселелердин аткарылышы Окуу иштери боюнча проректор Курманбек уулу Талантбекке жүктөлсүн.

**Окумуштуулар Кеңешинин төрайымы** **Абдраева А.Т.**

**Окумуштуулар Кеңешинин катчысы** **Чойбекова Н.Т.**